# Сын-Таш айылынын Камчыбек Шакиров атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин 2021-2022-окуу жылындагы директордун жарым жылдык иш-чараларга талдоосу.

Сын-Таш айылынын Камчыбек Шакиров атындагы жалпы билим берүү орто мектеби типтүү мектептердин катарында. Жалпы аянты 1 га. Мектепте окуучулар бир тилде билим алышат. 2021-2022-окуу жылынын башында окуучулардын саны -297.

Үйдө окуган окуучулардын саны- 2

Сын-Таш айылынын Камчыбек Шакиров атындагы жалпы билим берүү орто мектебинде 26 мугалим эмгектенет.

Билими жогорку мугалимдердин саны -24, анын ичиненн 4-мугалим пенсия курагындагылар. Ортодон жогорку билимдүү- 2 мугалим.

Мектепте класс комплект -17. Директордун чарба иштери боюнча орун басары-1, ашпозчу-1, кароолчу, жумушчу-2, кызматтык жайларды тазалоочу-4(УСП), китепканачы-1, лаборант-1, оператор-2

Мектепте жаңы окуу жылына карата коронавирустун жайылышына карата жол бербөө максатында баардык санитардык-гигиеналык нормаларды толук аткаруу менен иш башталды.

Сентябрь айында "Билим күнү" өткөрүлдү. Окуучулар окуу китептери менен камсыз болушту.

23-сентябрь "Кыргыз тили" күнүнө карата мектепте бир айлык жарыяланып, мугалимдер ачык сабактарды, тарбиялык сааттарды өтүштү. Мындан тышкары мектепте Касым Тыныстановдун 120 жылдыгына карата кече өткөрүлдү.

1-октябрь "Карылар күнүнө" карата "Тимурчулар" командасы айылдагы карыкартаңдардын үйүнө барып, короосундагы түшүмүн жыйнап, короо жайын тазалап, жардам беришти.

Мындан тышкары мектептин территориясын тазалоо жана көрктөндүрүү боюнча ишембиликтер болуп турду.

"Мугалимдер күнүнө"  карата, мектептин өзүн-өзү башкаруу уюму тарабынан уюшулган чакан концерт  көргөзүлдү.

Кыш мезгилине карата класстарды жылууло, терезелерди бекитүү иштери жүргүзүлдү. От жагуучу бөлмөнүн даярдыгы текшерилди.

Ноябрь айында мектеп ичинде олимпиада өткөрүлдү. Жеңүүчүлөргө  райондук олимпиадага катышууга мумкүнчүлүк  берилди. Жеңген окуучулар предметтик мугалимдерге бекитилип берилди.

5-6-7-8-класстардын окуу китептеринин арендасынын тогулушу боюнча маалымат алынды.

Декабрь айында  1-декабрь ВИЧ/СПИД инфекцияларына каршы күрөшүү күнүнө карата, бир айлык иш-чаранын планы түзүлүп, окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша класстык сааттар, сүрөт, жат жазуу  сынактары уюштурулду жана тема боюнча дубал гезиттер чыгарылды.

7-8-9-10-11-класстардын окуучуларына, бүгүнкү күндө 21-кылымдын чумасы болгон СПИД (кабылданган иммун жетишсиздик синдрому)  жана ВИЧ жөнүндө кыскача доклад окулду.

Мындан тышкары ушул эле класстардын окуучуларына "СПИД жана ВИЧ кандай жолдор менен жугат", "СПИД-кылым душманы", "СПИД-айыккыс илдет" –деген темаларда видео слайддар жана кыска метражду кино фильмдер көргөзүлдү.

Райондук олимпиадага жөнөтүлө турган окуучулар жана аларды даярдаган мугалимдер менен аткарылган иштин  отчету угулду.

Жаңы жылга карата өткөрүлө  турган иш-чаранын планы аныкталып, техникалык коопсуздук эрежесинин сакталышы боюнча жана жогорку класстын окуучуларынын коопсуздугун сактоо үчүн милиция кызматкеринин катышуусунда жыйналыш  өткөрүлүп, протоколдор түзүлдү.

Мектеп директору: Иманалиева Л.М